ЕККУ
Европадагы Коопсуздук жана
Кызматташтык Уюмунун
**Бишкектеги программалык кеңсеси**

ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯ • КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ •

Шайлоону даярдоо жана өткөрүү учуруна

# ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН ЭСКЕРТМЕ

Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана коомдук тартипти сактоо, участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча шайлоо участкасындагы ички иштер органдарынын кызматкерине эскертме Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрү жана Шайлоолор жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча жумушчу топтун эксперттери тарабынан иштелип чыкты.

Эскертме ички иштер органдарынын кызматкерлери үчүн маалымдама документ катары иштелип чыкты жана даярдалды, алар шайлоо убагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, ошондой эле шайлоо жөнүндө мыйзамдардын ченемдерин бузган адамдарды жана шайлоо процессинин субьекттерин аныктоо боюнча кызматтардын аракеттенүүсү үчүн аны нускама катары пайдалана алышат. Ошондой эле Кыргыз Республикасында таза жана демократиялык шайлоону өткөрүүгө кызыкдар бардык жактар колдонсо болот.

Бул Эскертме Кыргыз Республикасынын аракеттенүүсүн колдогон Бишкектеги ЕККУнун Программалык офисинин көмөгүндө жана финансылык колдоосунда басып чыгарылды.

Бул Эскертмеде билдирилген пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштар авторлордун көз карашын жана тажрыйбасын билдирет жана Бишкектеги ЕККУнун Программалык офисинин көз карашын чагылдырбайт.

**Авторлор:**

Г. К. Джурабаева – КР БШК мүчөсү

А. Я. Бит-Аврагим – КР Башкы прокуратурасынын башкармалыгынын улук прокурору

А. М. Усупбекова – «Жарандык платформа» КФ директору

А. К. Кулбаев – көз карандысыз эксперт, юридика илимдеринин кандидаты

М. А. Камчибекова – юрист, шайлоо боюнча эксперт

Тиражы 4500 д.

«Триада Принт» ЖЧК басмаканасында басылды

720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь көч., 28 а

**Шайлоону даярдоо жана өткөрүү учуруна**

# ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ҮЧҮН ЭСКЕРТМЕ

Бишкек шаары – 2021-жыл

# МАЗМУНУ

Киришүү ........ 3

1. Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү ... 4

2. Шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү үчүн тартылган ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ишмердиги ........ 7

    2.1. Шайлоого даярдык көрүү мезгилинде негизги аракеттер ... 7

    2.2. Добуш берүү күнү ........ 9

    2.3. Чара көрүү ........ 10

    2.4. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин мүмкүн болуучу кырдаалдарга чара көрүү алгоритмдери ..... 11

    2.5. Добуш берүү аяктагандан кийин ички иштер органдарынын кызматкерлеринин аракеттери ........ 13

3. Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандык үчүн конституциялык-укуктук жана кылмыш жоопкерчилиги ........ 15

    3.1. Конституциялык-укуктук (Шайлоо) жоопкерчилик ........ 15

    3.2. Бузуулар жөнүндө кодексте берилген жоопкерчилик ... 15

    3.3. Жоруктар жөнүндө кодекстеги жоопкерчилик ........ 18

    3.4. Жазык кодексинде бекитилген жоопкерчилик жазык кодекси ........ 20

4. Ички иштер органдарынын шайлоо процессинин субъекттеринин арыздары (даттануулары) менен иштөөсү ....... 24

    4.1. Кылмыш жана жоруктар боюнча арыздарды жана билдирүүлөрдү кароонун кылмыш-процесстик эрежелери ........ 26

5. Шайлоо учурунда коомдук коопсуздукту камсыз кылган кызматтар үчүн ЕККУнун сунуштары ........ 27

6. Шайлоону даярдоо жана өткөрүү учурундагы ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ишмердигин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын ченемдик актылары ........ 29

# КИРИШҮҮ

Коопсуздукту камсыздоо шайлоо алдындагы үгүттөө, добуш берүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана шайлоонун жыйынтыктарын аныктоо сыяктуу этаптарын камтыган шайлоо процесстеринин керектүү компоненти болуп саналат. Шайлоо процесстеринин ар бир этабында ички иштер органдары шайлоону (референдумдарды) даярдоо жана өткөрүү учурунда коопсуздукту камсыздоо үчүн жооптуу болот жана өзүнүн ишмердүүлүгүн шайлоо комиссиялары менен өз ара байланышта ишке ашырат.

Шайлоо кампанияларына катышкан талапкерлердин, саясий күчтөрдүн атаандашуусу шайлоо учурунда курчуп кетиши мүмкүн, ошондо коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо маселелери биринчи орунга чыгат.

Шайлоо процессинин бүткүл процессинде ички иштер органдары шайлоо мыйзамдарын бузууга жол бербөө максатында ыкчам жооп кайтарып жана өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында бузуучуларга карата чараларды көрүшү керек.

Бул Эскертме Кыргыз Республикасында шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү учурунда коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздаган ички иштер органдарынын кызматкерлерине, анын ичинде шайлоо участкасынын аймагында укук тартибин камсыз кылуу жана шайлоо документтеринин жана шайлоо жабдууларынын сакталышын камсыздаган кызматкерлерге көмөк көрсөтүү максатында иштелип чыкты.

# 1. ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ИШКЕ АШЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Шайлоону өткөрүүдө ички иштер органдарынын кызматкерлеринин иши жалпысынан демейки шарттарда коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана кызмат өтөө функцияларын ишке ашыруудан айырмаланат. Бул өзгөчөлүктөр бир катар жагдайлар менен шартталган:

- Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү процессине катышуучулардын кеңири чөйрөсү тартылат, алардын ар бири конкреттүү максатка жетишүүгө кызыкдар. Эң активдүү топтордун бири талапкерлер жана саясий партиялар болуп саналат, алардын кызыкчылыктары көп учурда бири-бири менен атаандашууга алып келет. Иш жүзүндө бул же тигил талапкерлердин же саясий партиялардын тарапкерлеринин ортосунда кагылышуулар орун алган учурлар да болот. Буга байланыштуу биринчи орунга коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо маселеси чыгат.
- Шайлоо процессине мамлекеттин аймагында да, анын чегинен сырткары да мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чоң катмары ишке тартылган. Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү процессинде мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар бир органы өзүнүн ишин мыйзамда аныкталган компетенциянын алкагында жана шайлоо комиссиялары менен өз ара аракетинде ишке ашырууга тийиш.
- Шайлоо – бул эркин жана көз карандысыз процесс, аны көз карандысыз орган – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) уюштурат. Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдети шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтүү болуп саналат.
- Шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү бардык иш-чаралардын ар кандай убакыттык интервалы бар жана ар бир иш-чара адатынча мурунку жана кийинки иш-чаралардан айырмаланат.

Өзүнүн милдеттерин ыкчам аткаруу үчүн ички иштер органдарынын кызматкери шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин жакшы билиши, шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын укуктук статусу жөнүндө түшүнүгү болушу жана биздин өлкөнүн мыйзамдарына ылайык ар бир категория менен ишти туура жүргүзүшү керек. Кызматкер ошондой эле шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрүн, шайлоо комиссияларынын, көрсөтүлгөн ченемдерди бузууга байланышкан иштерди кароо боюнча ички иштер органдарынын жана прокуратура органдарынын компетенцияларын айырмалай билүүгө тийиш.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 43-беренесине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамынын 41-беренесине ылайык ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоо комиссиялары талап кылган, ошондой эле коомдук тартип бузулган учурда, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча добуш берүүчү жайда коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

Андан тышкары, ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликтер боюнча коомдук тартиптин бузулушуна тиешелүү болгон арыздарды (даттануу), ошондой эле шайлоо процессинин субъектилеринин аракеттери боюнча арыздарды кароо иштерин жүргүзүшөт.

Ошентип, ички иштер органдарынын кызматкерлеринин шайлоону уюштуруу жана өткөрүү учурундагы милдеттери төмөнкүдөй:

- шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн бүткүл этабында коомдук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо;
- шайлоо комиссияларынын жайларын, шайлоо документтерин жана шайлоо жабдууларын кайтаруу;
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн шайлоо документтерин жана шайлоо жабдууларын жеткирүү мезгилинде коштоп жүрүү;
- Коркунуч жаралган учурда шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, анын ичинде добуш берүү үчүн каралган жайлардан

тышкары добуш берүүнү уюштуруп жаткан участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн коопсуздугун камсыздоо;

- шайлоочулардын добуштарын сатып алуу, административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу фактыларын аныктоо жана шайлоо мыйзамдарынын алкагында кылмыш иштери жана тартип бузуулар боюнча сотко чейинки иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту камсыздоо тармагында тартипти башкарууга каршы иштерди кароо, ал эми жарадардын шайлоо укугун ишке ашыруу жаатындагы тартипти башкарууда тартип бузуу аныкталса, тартип бузуу окуяны тастыктаган маалымат камтыган материалдарды шайлоо комиссиясына жөнөтүү;
- мыйзамга каршы үгүт ишине бөгөт коюу, жалган жана шайлоого чейинки мыйзамсыз басма, аудиовизуалдык жана башка үгүт материалдарын даярдоого жол бербөө жана аларды алып коюу, көрсөтүлгөн материалдарды даярдагандарды жана аларды төлөө булактарын аныктоо, ошондой эле аныкталган фактылар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссияларына токтоосуз билдирүү.

## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНА КӨМӨК КӨРСӨТҮҮДӨ ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРИНЕ ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ:

- шайлоо процедураларына кийлигишүүгө;
- кайсы бир талапкерлердин же саясий партиялардын тарабында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө катышууга;
- коомдук тартипти, инсандардын жана коомдун коопсуздугун камсыздоого арналган мамлекеттик бийликтин өкүлү катары ички иштер органдарынын кызматкеринин статусу менен айкалышпаган аракеттерге жол берүүгө.

## 2. ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНА КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН ТАРТЫЛГАН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ИШМЕРДИГИ

Шайлоо участкасында кызмат өтөөнүн жүрүшүндө ички иштер органдарынын кызматкерлери өз компетенцияларынын алкагында шайлоо участкасын, шайлоо документтерин кайтарууну жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, ошондой эле шайлоо участкасында болгон адамдардын коопсуздугун камсыз кылууга багытталган чаралардын комплексин аткарышат.

### 2.1. ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО МЕЗГИЛИНДЕГИ НЕГИЗГИ ИШ-АРАКЕТТЕР

Көрсөтүлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу максатында ички иштер органдарынын кызматкерлери добуш берүү күнүнө чейин төмөнкүдөй кадамдарды көрүүгө тийиш.

**Маалымат топтоо жана байланыш түзүү:**

- комиссиянын төрагасынын жана катчысынын аты-жөнү жана байланыш маалыматтары;
- участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларынын даректери жана телефондору;
- участкалык комиссиянын иштөө режими;
- шайлоо комиссияларына санитардык-эпидемиологиялык ченемдердин жана өрт коопсуздугу ченемдеринин сакталышы боюнча ишти уюштурууга көмөк көрсөтүү үчүн жоопту жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жоопту адамдардын байланыш маалыматтары;
- добуш берүү күнү шайлоочулардын денесинин температурасын өлчөө үчүн жоопту санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл кызматынан адамдардын байланыш маалыматтары.

**КР БШКнын түз байланышы:**
**1255, 0 (312) 66-02-40, 62-62-40, 62-63-24**
**WhatsApp: 0 (990) 021-255**

Түздөн түз жетекчиден зарыл инструктаждан өткөндөн кийин ички иштер органдарынын кызматкерлери участкалык, аймактык шайлоо участкасына кызмат өтөө үчүн жөнөтүлөт. Ички иштер

органдарынын кызматкери өзүнүн шайлоо участкасына келгендиги тууралуу шайлоо комиссиясынын төрагасына билдирет жана комиссиянын иш графигин, кошумча катары анын катышуусу менен алдыдагы иш-чараны жана өзүнүн кызмат өтөө жерин тактайт.

## Шайлоо участкасынын жайын кароо

Жайлардын, шайлоо документтеринин, жабдуулардын, добуш берүү үчүн шайлоо участкаларында болгон адамдардын коопсуздугун камсыздоо үчүн комиссиянын төрагасы, комиссия иш алып барган жай (имарат) үчүн жооптуу адам менен биргеликте жайды жана ага (имаратка) жанаша аймакты текшерип чыгат.

**Кароонун жүрүшүндө төмөнкүлөргө көңүл буруу зарыл:**

- шайлоо документтерин сактоо үчүн металл шкафтарынын оң абалда болушуна;
- эшиктердин, кулпулардын, терезе рамаларынын, терезелердеги металл торлорунун канааттандырарлык абалда болушуна;
- өрт коопсуздугунун абалына, сигнализациянын болушуна, жертөлө жана чатыр жайларынын, өрт жана кызматтык тепкичтердин керексиз буюмдар менен тосулбашына;
- үгүт жана маалыматтык материалдар (баракчалар, плакаттар ж.б.у.с.) жайгаштырылган жерлерге.

Участкалык шйлоо комиссиясынын жайларын кайтаруу комиссияга шайлоо документтери жана шайлоо жабдуулары: шайлоочулардын тизмелери, шайлоо бюллетендери, шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулар, автоматтык түрдө эсептөөчү урналар ж.б.у.с. келип түшкөндөн кийин шайлоо комиссиясынын төрагасы менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылууга тийиш.

Комиссиянын жайына шайлоо бюллетендери жана шайлоо жабдуулары сактоого келип түшкөндөн кийин ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан жай күнү-түнү кайтарылат.

Участкалык комиссиянын төрагасы ички иштер органынын кызматкеринин ордун, адатынча, шайлоо документтери сакталган шайлоо комиссиясынын жайында аныктайт.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы жумушчу күн аяктагандан кийин ички иштер органдарынын кызматкеринин катышуусунда шайлоо

документтерин, тийиштүү шайлоо комиссиясынын мөөрүн жайда жайгашкан сейфке салат, ал чапталат.

Андан кийин шайлоо комиссиясынын жайы ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан мүлктүн жана мөөрлөрдүн бүтүндүгүн жана сакталышы көрсөтүлүп, кабыл алуу-өткөрүп берүү актысын түзүү менен кайтарууга кабыл алынат.

Шайлоо комиссияларынын жайларын түнкү убакта кайтарууда имараттагы көрсөткүчтөрдүн жана такталардын, кулпулардын сакталышын, эшиктердеги мөөрдүн оттискинин (пломба) бүтүндүгү текшерилиш керек. Бузуулар табылган учурда ички иштер органдарынын нөөмөтчү бөлүмүнө билдирүү жана комиссиянын төрагасына токтоосуз маалымдоо зарыл.

## 2.2. ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ

Шайлоо бюллетендер сакталган жердеги жайларды түнкү маалда кайтаруу боюнча кызмат өтөлгөндөн кийин, добуш берүү күнү эртең менен ички иштер органдарынын кызматкери шайлоо комиссиясынын төрагасы жана мүчөлөрү келгенден кийин аларга жайды (жайларды) өткөрүп берет.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы ички иштер органдарынын кызматкеринин, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, ЖМК өкүлдөрүнүн, мыйзам менен каралган башка адамдардын катышуусунда шайлоо документтери бар сейфти ачат, андан иштөө үчүн зарыл болгон шайлоо документтери алып чыгылат.

Басмакананын, шайлоо комиссияларынын жайларынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн алууга жана таркатууга тыюу салынат.

Добуш берүү күнү шайлоо участкасынын жайында ички иштер органдарынын кызматкеринин болушу шайлоо участкасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын түздөн түз жетекчиси менен макулдашуу боюнча шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайдагы тартипти сактайт. Шайлоо комиссиясынын төрагасынын компетенциясынын чегиндеги анын буйруктары добуш берүү үчүн жайда катышкандардын бардыгы үчүн милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын

төрагасы жокто анын ыйгарым укуктарын шайлоо комиссиясынын катчысы же ыйгарым укуктуу шайлоо комиссиясынын башка мүчөсү аткарат.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери шайлоочуларга алардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу боюнча консультацияларды беришпейт.

Мындай түрдөгү суроолор келип чыкканда алар шайлоочуну участкалык комиссиянын төрагасына, катчысына же башка мүчөсүнө жөнөтүшөт.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери социалдык аралыкты сактоо жана маскаларды тагынуу зарылчылыгы жөнүндө шайлоочуларга түшүндүрмө беришет.

Добуш берүү жана анын алдындагы күн ички иштер органдары жана бөлөк укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумушчу күн деп эсептелет.

## 2.3. ЧАРА КӨРҮҮ

Эгер шайлоо комиссиясынын мүчөсү, байкоочу же добуш берүү үчүн жайда болуу укугуна ээ болгон башка адам өзүнүн милдеттеринен, укуктарынан жана ыйгарым укуктарынан аша чабуу бөлүгү боюнча шайлоо мыйзамдарын бузса участкалык же жогору турган шайлоо комиссиясы бузуу фактысын негиздөө жана конкреттештирүү менен мындай адамды жайдан чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат. Бул чечимдин жазуу жүзүндөгү көчүрмөсүн алгандан кийин ички иштер органдарынын кызматкери анын аткарылышын камсыз кылат жана натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын төрагасына билдирет.

Добуш берүүнүн жашыруундугун бузуу, жарандардын эркин эрк билдирүүсүнө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочу үчүн добуш берүү, шайлоочуну сатып алуу жана башка укук бузуулар жөнүндө фактылар аныкталган учурда ички иштер органдарынын кызматкери кылмыштарга бөгөт коюу боюнча чараларды көрөт, укук бузуулар боюнча окуяларды тастыктаган маалыматтары бар материалдарды иликтөө-оперативдик топко жөнөтүү үчүн далилдерди каттайт.

Добуш берүү үчүн жайда же жанаша аймакта жаранга кайрылууда ички иштер органдарынын кызматкери төмөнкүлөргө милдеттүү:

1. Өзүнүн кызмат ордун, наамын, фамилиясын аташы керек, жарандын талабы боюнча кызматтык күбөлүгүн көрсөтүүгө, андан кийин кайрылуу себебин жана максатын айтышы керек.
2. Жаранга анын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген чаралар колдонулган учурда ага мындай чараларды колдонуу себебин жана негиздерин, ошондой эле ушуга байланыштуу жарандын келип чыгуучу укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү керек.

Шайлоо участкасынын жайында катышып отурган адамдардын коопсуздугуна коркунуч келип чыккан учурда ички иштер органдарынын кызматкери шайлоо участкасында келип чыккан кооптуу кырдаал жөнүндө түздөн түз жетекчилигине жана ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүмүнө токтоосуз билдириши жана анын көрсөтмөсү боюнча аракеттениши керек.

## 2.4. ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МҮМКҮН БОЛУУЧУ КЫРДААЛДАРГА ЧАРА КӨРҮҮ АЛГОРИТМДЕРИ

Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин аракеттери адамдардын өмүрүн сактоого, саламаттыгын коргоого, келип чыккан коркунучту четтетүүгө, ал эми зарылчылык болсо – адамдарды эвакуациялоого катышууга багытталышы керек.

**Шайлоо участкасында өрт же авария болсо:**

1. Шайлоо комиссиялары ээлеген жайлардын өрттөнүүсүн болтурбоо боюнча чараларды көрүү;
2. «101» же «112» номерлери боюнча өрт өчүрүүчү кызматты (шашылыш оперативдик кызматтарды) чакыруу;
3. Өрт өчүрүүчүлөрдүн келишин күтпөстөн, өрт очогун колдо болгон каражаттар же өрт өчүрүүчү каражаттар менен жоюуга даяр болуу;
4. Окуя жөнүндө ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүгүнө билдирүү;
5. Жабыр тарткандарга биринчи медициналык жардам көрсөтүү;
6. Өздүк коопсуздук чараларын так сактоо;
7. Окуя болгон жердин кайтарылышын камсыздоо;

8. Бул окуяга тиешеси болгондун бардыгын жаздырып алуу (анын ичинде уюлдук телефон менен);
9. Шектүү адамдарды издөө, кармоо, күбөлөрдү, көргөндөрдү аныктоо боюнча чараларды көрүү;
10. Оперативдүү кырдаалдагы өзгөрүүлөр жөнүндө ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүгүнө билдирүү жана өрт коопсуздугунун белгиленген эрежелерин так сактоо;
11. Эвакуацияга даяр болуу.

### Шайлоо участкасына кол салуу болгон учурда ички иштер органдарынын кызматкерлеринин аракеттери

1. Ички иштер органдарынын нөөмөт бөлүгүнө токтоосуз билдирет жана атайын план киргизилгенден кийин ага бекитилип берилген куралды, ок-дарыларды, атайын каражаттарды колдонуп кошумча күчтөр келгенге чейин кол салууну майтаруу боюнча чара көрөт.
2. Кол салууну майтарууда КР укук коргоо органдарына кызмат өтөө боюнча мыйзамына ылайык күч, атайын каражаттарды, ок атуучу куралды колдонот.
3. Оперативдүү кырдаалдагы өзгөрүүлөр жөнүндө ички иштер органдарынын оперативдүү нөөмөтчүсүнө доклад берип турат.
4. Жабыр тарткандарга жардам көрсөтөт (алар бар болсо).
5. Ызы-чууну болтурбоо боюнча чара көрөт.
6. Ал жакка бөтөн адамдарды киргизбөө боюнча чара көрөт, бул окуяга катышы бар болгондордун (бар болсо уюлдук телефон менен) бардыгын жазып алат.
7. Шайлоо участкасынын добуш берүүчү жайында тиричилик жана өндүрүштүк коммуникациялардын (газ, суу ж.б.) өчүрүлүшүн уюштурат.
8. Ички иштер органдарынын оперативдүү нөөмөтчүсүнөн алынган көрсөтмөгө ылайык иш-аракеттерди жүргүзөт.

Шайлоо участкасына жанаша аймакта кызмат өтөгөн ички иштер органдарынын кызматкери жердин рельефин жана шаар курулмаларын эске алуу менен адамдарды, шайлоо документтерин жана ма-

териалдык баалуулуктарды коркунучтуу зонадан коопсуз аралыкка эвакуация кылууга көмөк көрсөтөт.

## 2.5. ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН АРАКЕТТЕРИ

Шайлоо күнүндө добуш берүү саат 8ден 20га чейин жүргүзүлөт.

Добуш берген бардык шайлоочулар добуш берүү убактысы аяктагандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын жайынан кетиши керек. Кире бериште турган ички иштер органдарынын кызматкери шайлоочуларды чыгарат жана кирүүчү эшикти кайрадан жабат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын жайында добуш берүү аяктагандан кийин жана добуштарды саноо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу учуруна төмөнкүлөр кала алат:

- жогору турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- талапкерлер;
- талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү;
- байкоочулар, эл аралык байкоочулар.

*«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 35-беренесинин 19-бөлүгүнө, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 36-беренесинин 14-бөлүгүнө ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго кол коюлгандан кийин, анын биринчи нускасы, шайлоо бюллетендерин кошуп алганда шайлоо документтери, шайлоочулардын тизмелери, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификация боюнча баштапкы жана жыйынтык отчет менен бирге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан добуш берүү күнүнөн кийинки күндөгү таңкы саат 6дан кечиктирбестен, токтоосуз талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн коштоосунда аймактык шайлоо комиссиясына жеткирилет.*

Участкалык шайлоо комиссиясынын жайларын кайтарууну камсыз кылган ички иштер органдарынын кызматкерлеринин милдеттерине участкалык шайлоо комиссиясынын автотранспортунда же коштоочу автомобилдерин пайдалануу менен жогору турган шайлоо комиссиясына шайлоо документтерин коштоону камсыз кылуу кирет. Участкалык жана аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо документтерин жогору турган шайлоо комиссияларына жеткирүү маршруту такталышы жана ички иштер органдары тарабынан эртерээк макулдашылышы керек.

КР ИИМинин тиешелүү бөлүмдөрү добуш берүү күнү иштөө үчүн участкалык шайлоо комиссияларына бөлүнүүчү транспорт каражаттарынын техникалык абалын текшерүүгө жардам көрсөтөт.

КР ИИМинин тиешелүү бөлүмдөрү добуш берүү күнү иштөө үчүн участкалык шайлоо комиссияларына бөлүнүүчү транспорт каражаттарынын техникалык абалын текшерүүгө жардам көрсөтөт.

**Бул этапта ички иштер органдарынын кызматкеринин милдеттери:**

- шайлоо документтерин кайтаруу;
- укукка каршы аракеттерге бөгөт коюу;
- участкалык же аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасын коштоо.

**Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттери**

Ички иштер органдарынын кызматкерлери кылмыш мыйзамдарынын жоболоруна каршы келген аракеттеринен тышкаркы учурларда, журналисттин ишмердигине тоскоол жаратпаш керек.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери ал кызмат өтөп жаткан жайда же аймакта фото же видеого тартууга расмий түрдө тыюу гана салынган болсо гана фото, видео тартууга каршылык көргөзө алат.

Журналист ички иштер органдарынын кызматкерин видеого тартууну жүргүзүп жатса, ал видеокамерадан качпаш керек же видеого тартууга башкача каршылык көрсөтпөш керек. Тескерисинче, ал кызмат өтөгөн милициянын кызматкери катары үлгү көрсөтүш керек – таза, чыкыйган, сылык, кесипкөй болушу зарыл.

Журналист менен сүйлөшкөндө ички иштер органдарынын кызматкери өзүнүн ээлеген кызматын, наамын, фамилиясын аташ керек жана кунт коюу менен угуш керек. Ички иштер органдарынын компетенциясына тийиштүү болгон суроо жаралса, анда журналистти ИИОнун маалымат кызматына жөнөтүш керек.

## 3. ШАЙЛОО МЫЙЗАМДАРЫНЫН ЧЕНЕМДЕРИН БУЗГАНДЫК ҮЧҮН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК ЖАНА КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандык үчүн жоопкерчиликтин төмөнкү түрлөрү каралган:

- конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик;
- КР Бузуулар жөнүндө кодекси менен белгиленген жоопкерчилик;
- КР Жоруктар жөнүндө кодекси менен белгиленген жоопкерчилик;
- КР Жазык кодекси менен белгиленген жоопкерчилик.

### 3.1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК (ШАЙЛОО) ЖООПКЕРЧИЛИК

Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузган учурда келип чыгат жана шайлоо комиссиялары тарабынан (ЖМКларды аккредитациялоодон ажыратуу, талапкерди же талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу ж.б.) салынат.

### 3.2. БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТЕ БЕРИЛГЕН ЖООПКЕРЧИЛИК

Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларына тикелей көмөк көрсөтүү жана иштөөдөн сырткары ички иштер органдарына Бузуулар жөнүндө кодекстин 10-главасына эскертүүгө ылайык шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) анын активдүү шайлоо укугун сатып алуучунун пайдасына ишке ашыруусу үчүн акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алуусу менен байланышкан иштерди кароо милдети жүктөлгөн.

***БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС***

*2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58*
*(үзүндү)*

***42$^3$-берене. «Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акча каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу»***

*Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү же ортомчу аркылуу сатып алуучунун же анын атынан иш алып баруучунун пайдасына анын активдүү шайлоо укугун сатуусу үчүн акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу I-категориядагы (1000 сом) айып пул салууга алып келет.*

*Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракетти жасаган адам шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алгандыгы жөнүндө өз ыктыяры менен билдирсе жоопкерчиликтен бошотулат.*

Жарандардын башка шайлоо укуктарын ишке ашырууда чөйрөдөгү башкаруудагы тартиптерге каршы тартип бузуулар боюнча, тактап айтканда Бузуулар кодексинин 42 - 42$^2$, 43-48-беренелеринде көрсөтүлгөн бузуулар шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

Ички иштер органдарынын кызматкерлери жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууда чөйрөдөгү башкаруудагы тартиптерге каршы тартип бузууларды аныктаган учурда окуя болгондугу тууралуу материалдарды шайлоо комиссиясына өткөрүп бериши керек (БжК 324-б. 1-б. 5-п.). Маселен, үгүт материалдарын атайын жок кылуу же аларга зыян келтирүү фактыларын аныктаган учурда.

***БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС***

*2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58*
*(үзүндү)*

***48-берене. Үгүт материалдарын жок кылуу же бузуу***

*Имараттарда, курулмаларда же башка объекттерде илинген укма-көрмө материалдарды, депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкердин портретин, анын өмүр таржымалы бар плакатты, же болбосо башка үгүт материалдарын билип туруп жок кылуу же болбосо бузуу –*

*4-категориядагы айып пул салууга алып келет (7500 сом)*

*Эскертүү. Үгүт материалдары имараттын, курулманын же башка объекттин менчик ээсинин (ээсинин) макулдугу жок илинсе, ал ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.*

Андан тышкары ички иштер органдарынын кызматкерлери шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде кызмат өтөгөн учурда коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту бузууда реакция жасап, протоколдорду түзүүгө милдеттүү, тактап айтканда:

- «Ички иштер органынын кызматкеринин мыйзамдуу талабына баш ийбөө» БжКнын 82-беренеси;
- «Адистештирилген кызматтарды билип туруп жалган чакыруу» БжКнын 83-беренеси;
- «Атуучу куралды сактоо жана ташуу эрежелерин бузуу» БжКнын 84-беренеси;
- «Паспортту мыйзамсыз алып коюу» БжКнын 89-беренеси;
- «Эл көп катышкан иш-чараларды өткөрүү убагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу эрежелерин бузуу» БжКнын 90-беренеси;
- «Тынч чогулуштарды өткөрүү тартибин бузуу» БжКнын 91-беренеси.

## 3.3. ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТЕГИ ЖООПКЕРЧИЛИК

***ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС***

*2017-ж. 1.02, №18 (15.01.2020-ж. № 6, 28.01.2020-ж. № 21, 03.04.2020-ж. № 34, 24.06.2020-ж. №88 КР мыйзамдарынын редакциясында)*
*(үзүндү)*

***87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш беруусу***

*Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, буга тете эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун убагында референдумдун же шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү, буга тете эле ошол эле максатта ушундай аракеттерге кошо катышуусу –*

*II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

***87[1]-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу***

*1. Шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында талапкерлердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу –*

*II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

*2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү бар уюмдардын жетекчилери жасаган ошол эле жосун –*

*белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып түрүндөгү жазага алып келет (30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

***Административдик ресурсту кыянаттык менен колдонуу –*** *бул талапкерлердин, кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет басылмаларынын уюштуруучулары жана мүчөлөрү адамдык, каржылоо, материалдык, ресурстарды алардын мамлекеттик жарандардын жана муниципалдык кызметкерлердин же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) үлүшү 30 пайыздан жогору болгон ишканалардын үстүнөн көзөмөл жүргүзүү менен, каржылоо жана аларды бөлүштүрүүдө тиги же бул талапкерлерди, саясий партияларды колдоого трансформация жасап, талапкерлердин теңдигин бузуу болуп эсептелет.*

***$87^2$-берене. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү***

*1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкер тарабынан билип туруп шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган анык эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу документти берүүсү, ошондой эле талапкерликке көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоолдук кылуучу маалыматтарды жашыруусу –*

*I категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет (20 000 сомдон 30 000 сомго чейин).*

*2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалган ошол эле жосун –*

*белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып түрүндөгү жазага алып келет (20 000 сомдон 30 000 сомго чейин).*

**Жоруктар жөнүндө кодекстин 87, $87^1$, $87^2$-беренелери боюнча жоруктар жөнүндөгү иштер сотко чейинки өндүрүш ички иштер органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан жүргүзүлөт (ЖПКнын 503-б., 1-б.).**

## 3.4. ЖАЗЫК КОДЕКСИНДЕ БЕКИТИЛГЕН ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАЗЫК КОДЕКСИ

***ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКС***

*(15.05.2019-ж. №62, 28.02.2020-ж. №21, 03.04.2020-ж. №34, 24.07.2020-ж. №88 КР мыйзамдарынын редакциясында)*
*(үзүндү)*

***191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу***

*1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашыруундугун бузуу –*

*IV категориядагы коомдук иштерге (280 сааттан 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин), же IV категориядагы айып салууга (180 000 сомдон 220 000 сомго чейин) жазаланат.*

*2. Шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын, же болбосо шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан ишине кийлигишүү жолу менен, анын ичинде алардын чечимдерине таасир көрсөтүү максатында кызмат ордун же кызмат абалын пайдалануу менен тоскоолдук кылуу, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсепке алуу маселелери же башка маселелер боюнча талап коюу же көрсөтмө берүү, же болбосо, шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо –*

*IV категориядагы коомдук иштерге (280ден 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин), же IV категориядагы айып пул (180 000 сомдон 220 000 сомго чейин) салууга жазаланат.*

*3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалган ошол эле жосундар –*

*IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же V категориядагы айып пул (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) салууга жазаланат.*

***192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу***

*1. Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды төлөп берүү, же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр бир кызматты же башка байгерчиликти алууга өбөлгө түзүү жолу менен шайлоочуларды сатып алуу –*

*IV категориядагы айып пул салууга жазаланат (180 000 сомдон 220 000 сомго чейин).*

*2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, мамлекеттик бийликтин шайлануучу башка органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкер, ошого теңе талапкердин жубайы, жакын туугандары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан жасалган ошол эле жосун –*

*V категориядагы айып пул (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) салууга же 1 категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.*

***193-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу***

*Талапкердин, саясий партиянын, шайлоо өнөктүгүн, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:*

*1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топко ири суммадагы акча же башка материалдык каражаттарды берүү;*

*2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаларга жетүү максатында шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна которулбаган ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;*

*3) шайлоо же референдум менен түздөн түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдум демилгесин жылдырууга багытталган, тиешелүү шайлоо фондунан акысын төлөөсүз же тиешелүү шайлоо фондунан негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү;*

*4) алмаштыруучу адамдар аркылуу шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган кайрымдуулук каражаттарын шайлоо фондуна же референдум фондуна ири өлчөмдө төгүү –*

*IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (4 жылдан 5 жылга чейин), же V категориядагы айып (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) салууга же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.*

***194-берене. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу***

*Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:*

*1) шайлоо фондуна, референдум фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин жылдыруу максатында ири өлчөмдө пайдалануу;*

*2) шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине, референдум фондунун атайын эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо –*

*IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4 жылдан 5 жылга чейин) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) салууга же I категориядагы айып салуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.*

***195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо***

*1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан жасалса –*

*1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан жасалса –*

*IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айып (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.*

*2. Төмөнкүлөр жасалган ошол эле жосундар:*

*1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан;*

*2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу менен –*

*VI категориядагы айып (260 000 сомдон 300 000 сомго чейин) салууга же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.*

Ички иштер органдарынын кызматкери жогоруда көрсөтүлгөн жоруктардын жана (же) кылмыштардын көрүнүшүн байкаганда кылмыш (жорук) болгон окуяны тастыктаган маалыматтарды камтыган материалдарды тиркеп, тийиштүү рапорт менен КЖБРне каттоо үчүн кайрылууга милдеттүү.

**Жазык кодексинин 191-195-беренелеринде каралган кылмыштар жөнүндө кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш ички иштер органдарынын иликтөөчүсү тарабынан жүргүзүлөт (ЖПКнын 153-б. 1-б.).**

## 4. ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН СУБЪЕКТИЛЕРИНИН АРЫЗДАРЫ (ДАТТАНУУЛАРЫ) МЕНЕН ИШТӨӨСҮ

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары баардык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык топторун (ЫЧКТ) түзүшөт, алардын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү, анын ичинде ички иштер органдарынын кызматкерлери кирет.

ЫЧКТнын негизги функциясы болуп шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам реакция жасоо жана колдонгон чаралар боюнча жарандарды маалымдоо болуп саналат.

БШКнын ТРКТынын ишмердүүлүгүнүн тартиби жөнүндөгү Жобону, кенен маалыматты бул жерден караңыз: https://shailoo.gov.kg/

*КР Президентин жана КР ЖКнын депутаттарын шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамдын 43-беренесинин 5-бөлүгүнө, КРнын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамынын 41-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык:*

*Шайлоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо жүрүмүнүн башка субъекттеринин шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдындагы күнү токтоосуз каралууга тийиш.*

*Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат.*

*Прокуратура органдары, ички иштер органдары арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.*

## ИИО тарабынан шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарын (даттануруларын) кароо мөөнөттөрү

Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө шайлоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздары (даттануулары) ички иштер органдары тарабынан каралат

Келип түшкөн учурдан тартып ички иштер органдары тарабынан 2 күндүк мөөнөттө, ал эми шайлоо күнү жана шайлоого чейинки күнү токтоосуз каралууга тийиш.

Эгерде фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен кабыл алынат

**Кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн ИИО токтоосуз тийиштүү шайлоо комиссиясына жөнөтөт.**



**Ички иштер органдары** – коомдук тартипти бузууга тиешелүү жарандардын арыздарын (даттанууларын) кароо, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген жоопкерчилик каралган иш-аракеттерге арыздарды кароо боюнча иш жүргүзөт.



**Прокуратура органдары** – шайлоо мыйзамдарынын сакталышына, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жазык жоопкерчилиги каралган иш-аракеттерге жалпы көзөмөл жүргүзөт.

**Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет.**

## 4.1. КЫЛМЫШ ЖАНА ЖОРУКТАР БОЮНЧА АРЫЗДАРДЫ ЖАНА БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ КАРООНУН КЫЛМЫШ-ПРОЦЕССТИК ЭРЕЖЕЛЕРИ

ЖПКнын 149-беренесине ылайык текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, кабарлама алынган учурдан тартып же кылмыш, жорук жасалгандыгы жөнүндө токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды КЖБРге киргизүүгө милдеттүү (ЖПКнын 149-б. 1-б.).

Жасалган же даярдалып жаткан кылмыш же жорук жөнүндө арызды же кайрылууну кызмат адамынын каттоодон баш тартуусу же жашырып коюусу Кылмыш кодексинин 357-беренесине ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Укук коргоо органдарынын нөөмөт бөлүмүнүн кызмат адамы кылмыштар же жоруктар жөнүндө маалыматты маалыматты каттоо журналына жазат, жана ошондон тартып КЖБРге тийиштүү маалыматтарды киргизүүгө чейинки 24 сааттык эсеп башталат.

Эгер кайрылууларда (арыздарда, билдирүүлөрдө) жасалган кылмыш (КК 191-195-беренелери) же жорук (ЖжКнын 87, $87^1$, $87^2$ –беренелери) жөнүндө маалымат болсо, нөөмөттөгү тергөөчү маалыматты КЖБРге каттоого милдеттүү.

Эгер маалыматты каттоо журналында белгиленген кылмыш же жорук жөнүндө маалымат жасалган кылмыш же жоругун ырастоочу белгилерди камтыбаса, анда тергөөчүнүн рапорту менен түшкөн маалымат жокко чыгарылат.

**Тергөөчү, алгачкы текшерүүчү тезинен БШКга МКЖга жана КЖБРге жасалган кылмыштын же шайлоо укуктары жаатындагы жоруктун катталышы, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымат берүүгө милдеттүү.**

# 5. ШАЙЛОО УЧУРУНДА КООМДУК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛГАН КЫЗМАТТАР ҮЧҮН ЕККУнун СУНУШТАРЫ

Коопсуздукту камсыз кылуу кайсы болбосун шайлоо процессинин, анын ичинде шайлоо алдындагы өнөктүк, добуш берүү, добуштарды эсептөө жана шайлоонун жыйынтыктарын биротоло чыгаруу сыяктуу этаптарда маанилүү жана зарыл компонент болуп саналат. Коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жооптуу органдар кайсы болбосун шайлоо процессинин бул жана башка этаптарына таасир көрсөтө алат.

ЕККУнун байкоолору боюнча, региондун ар кандай бөлүктөрүндөгү шайлоолор коомдук коопсуздукту камсыз кылган кызматтын шайлоо чөйрөсүнө позитивдүү сыяктуу эле, терс да таасир этүү мүмкүндүгүн көрсөткөндүгүн белгилей кетүү зарыл.

Коомдук коопсуздук – бул мамлекеттин башкаруусунда жана контролдугунда болгон жана анын жарандарын, уюмдарын жана институттарын коркунучтардан коргоону камсыз кылууга багытталган функция. Бул иштин негизги багыттары улуттук коопсуздукту, жеке жана иш жүзүндөгү коопсуздукту, маалыматтык коопсуздукту жана инфраструктураны коргоону камтышы мүмкүн. Өкмөткө баш ийген коопсуздукту камсыз кылуунун ар кандай кызматтарына коомдук коопсуздуктун ар кандай аспекттери үчүн жооп берүү тапшырмасы берилиши мүмкүн.

Шайлоо учурунда коомдук коопсуздукту камсыз кылган кызматтар үчүн мүмкүн болуучу коркунучтар көп тараптуу жана татаал болушу мүмкүн жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн. Коргоо алдын алууга, кесепеттерди жеңилдетүүгө жана чара көрүүгө багытталган аракеттердин комбинациясынын жардамы менен жүзөгө ашырылат.

«Шайлоолордун коопсуздугу» терминининин ар түрдүү аныктамалары бар. Эл аралык практикада бул термин кеңири маанисинде колдонулат жана бардык кызыкдар тараптарды шайлоо алдында, шайлоо жана шайлоодон кийинки мезгилде, шайлоо менен байланышкан иш-чараларды жана процесстерди; жайларды жана материалдарды, ошондой эле маалыматты тынчтык жана демократиялык шайлоолорго көмөк көрсөтүү максатында зыян келтирүүдөн же зыян келтирүү коркунучунан коргоону билдирет.

## УРМАТТУУ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ!

Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү татаал учурда, Кыргызстан гана эмес, бүткүл дүйнө жүзү COVID-2019 пандемиясы менен күрөшүүгө аргасыз болгон шартта өтүп жатат.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы шайлоону уюштуруунун жүрүшүндө көрсөткөн чыдамкайлыгы, кесипкөйлүгү жана жоопкерчилиги, пандемия кризиси шартында тартипти сактоо жана биздин жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар үчүн укук коргоо органдарынын кызматкерлерине ыраазычылык билдирет.

Коопсуз жана ишеним жараткан шайлоону өткөрүү КР БШКнын жана укук коргоо органдарынын ырааттуу иштөөсүндө гана мүмкүн, Сиздер шайлоо мыйзамдарын бузууларга натыйжалуу чара көрүү жана конституциялык ченемдерге жана кепилдиктерге ылайык шайлоо процессинин катышуучуларынын жарандык жана саясий укуктарын коргоо менен шайлоого ишенимди бекемдөөгө салым кошосуздар деп ишенебиз.

*Урматтоо менен,*

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча*
*борбордук комиссиясы*

# 6. ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ УЧУРУНДАГЫ ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ИШМЕРДИГИН ЖӨНГӨ САЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

- 2010-жылдын 27-июнундагы КР Конституциясы.
- 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы.
- 2017-жылдын 13-апрелиндеги № 58 Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси
- 2017-жылдын 1-февралындагы № 18 Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси
- 2017-жылдын 2-февралындагы № 19 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси
- 2017-жылдын 2-февралындагы № 20 Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси.
- 1994-жылдын 11-январындагы № 1360-XII «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө» КР Мыйзамы.
- 2019-жылдын 25-июлундагы № 102 «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө» КР Мыйзамы
- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы № 602 токтому менен бектилиген кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобо.
- КР БШКсынын укук-ченемдик актылары. https://shailoo.gov.kg/ кара.

## ЭСБЕЛГИ ҮЧҮН: